**УДК: 94(575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-369-374**

**Амантур уулу Ч.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## «МАЖМУ АТ-ТАВОРИХ» КОЛ ЖАЗМАСЫН ИЛИКТӨӨЛӨР ЖӨНҮНДӨ

**Аннотация:** Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча маалыматтар келтирилген, тарыхый булак болуп кызмат өтөй турган орто кылымдагы мусулман авторлорунун чыгармаларынын ичинде XV-XVI кк. чегинде молло Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенди жана анын уулу Нур Мухаммед деген кишилер тарабынан жазылган «Мажму ат-таворих» (Тарыхтар жыйнагы) аттуу кол жазма кээ бир өзгөчөлүктөрү аркылуу көңүлдү бурат.

**Негизги сөздөр:** «Мажму а-таворих», жазма булак, окумуштуулар, котормо, тарыхый окуялар.

**Амантур уулу Ч.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ОБ ИССЛЕДОВАНИЯХ РУКОПИСИ «МАДЖМУ АТ-ТАВОРИХ»

**Аннотация:** Представлены сведения по истории кыргызов и киргизов, среди произведений средневековых мусульманских авторов, которые послужат историческим источником, – произведения XV-XVI веков. Рукопись под названием «Маджму ат-Таворих» («Сборник историй»), написанная муллой Саиф ад-Дином ибн Дамулло Шахом Аббасом Аксикеном и его сыном Нуром Мухаммедом, привлекает внимание некоторыми своими особенностями.

**Ключевые слова:** «Маджму а-таворих», письменный источник, учёные, перевод, исторические события.

**Amantur uulu Ch.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## ABOUT THE INVESTIGATIONS OF THE MANUSCRIPT "MAJMU AT-TAWORIH"

**Annotation:** Information on the history of the Kyrgyz and Kyrgyz is presented, among the works of medieval Muslim authors, which will serve as a historical source, are the works of the XV-XVI centuries. The manuscript entitled "Majmu al-Tavorih" (Collection of Histories) written by Mullah Saif ad-Din ibn Damullo Shah Abbas Aksiken and his son Nur Muhammed draws attention due to some of its features.

**Key words:** "Majmu a-tavorih", written source, scholars, translation, historical events.

«Мажму ат-таворих» илимий чөйрөгө XIX к. эң акырында белгилүү болуп, мында Орусиялык окумуштуулардын салымы зор. Кол жазманын учурда 3 нускасы белгилүү. Чыгарманы изилдеген окумуштуулар (В. В. Бартольд, А. Т. Тагирджанов, В. Ромодин, С. М. Абрамзон, В. Жирмунский ж.б.) өз эмгектеринде анын аталышын «Маджму ат-таварих» формасында беришет, бирок, кол жазманын Кыргызстандын аймагынан табылган нускасын которуп жана китеп кылып чыгарышкан Омор Сооронов менен Мамасабыр Досбол уулу чыгарманын аталышын «Мажму атут-таварих» түрүндө окуу керек деп сунуш кылышып, котормону да ушундай аталышта беришкен: «Маджму» сөзүндөгү «д» тамгасы орус грамматикасына ылайык жазылган. Экинчи «ат» деген сөзгө араб тилинин грамматикасына ылайыктуу «ут» деген бөлүкчө кошулушу керек болгондуктан биз «атут» түрүндө бердик, башкача айтканда «Мажму атут-таворих» түрүндө бердик», деп эскертет [1]. Орусча котормодогу «Маджму» деген сөздө «д» тамгасы ашыкча, бирок О. Сооронов айткан экинчи сөз «ат» өз алдынча сөз эмес, эч кандай маани бербейт. Демек, «таворих» сөзүнүн алдына келген бөлүкчө болгондуктан ага «ут» бөлүкчөсүн улоонун зарылчылыгы жок, «Мажму ат-таворих» түрүндө эле окуу туура деген ойду кубаттайбыз.

Окумуштууларга XIX к. акырында эле белгилүү болсо дагы «Мажму ат-таворихтин» кол жазмасы жаңы табылгандагы Империялык Орус Археологиялык коомунун Чыгыш бөлүмүндө 1899-ж. 11-мартта бул кол жазма тууралуу В.В.Бартольд тарабынан кыскача кабар берилген [2] бойдон көп жылдар бою окумуштуулар тарабынан иликтеп-изилдөө иштери колго алынбаган. Санкт-Петербург шаарындагы китепканаларга 1889-жылы жана 1899-жылдары алынып келип, сакталып турган кол жазманын 2 нускасына узак убакыттар бою эч ким көңүл бурган эмес.

«Мажму ат-таворихти» изилдөө ишин XX к. 50-жж. аягында тажик окумуштуусу А.Т.Тагирджанов колго алып, кол жазманын 2 нускасы боюнча изилдөөлөрүн, эмгек тууралуу ойлорун басмага даярдап, 1959 жана 1960-ж. Ленинградда «Собрание историй «Маджму ат-таварих» деген аталыш менен китеп чыгарган [3]. Андан соң чыгыштаануучу В.А.Ромодин СССР ИА Азия элдери Институтунун Ленинград бөлүмүндө сакталып турган № В 667 нускасын окуп, мазмунун өз сөзү менен жазып, машинкага басылган бир нускасын Кыргыз ССР ИА (азыр Улуттук Илимдер Академиясы) Кол жазмалар фондуна «Извлечение из «Маджму ат-таварих» деген аталышта өткөргөн [4]. Ромодиндин бул «Извлечениеси…» 1973-ж. чыккан «Материалы по истории киргизов и Киргизии» аттуу X-XIX кк. мусулман авторлорунун эмгектеринен үзүндүлөрдү камтыган китепке киргизилген [5]. Кол китеп жана анын мазмуну менен А.Т.Тагирджанов тааныштыргандан кийин «Мажму ат-таворихте» кездешкен тарыхый-этнографиялык (негизинен уруу аталыштары жана кыргыздарга тиешелүү кыскача санжыра-генеология), дагы «Манас» эпосунун тарыхына мааниси зор маалыматтарды окумуштуулар өз эмгектеринде колдоно башташкан. Алар макала, статьяларында ж.б. эмгектеринде А.Т.Тагирджановдун «Собраниесине» жана В.А.Ромодиндин «Извлечениесине» таянышып, ушул 2 эмгек аркылуу «Мажму ат-таворихтеги» маалыматтарды пайдаланышкан. Мына ушундай иш-чараларга карабастан дале да болсо «Мажму ат-таворихтин» кыргыз тарыхы үчүн мааниси тиешелүү бааланбай, кыргыз тарыхчылары тарабынан көңүл бурулган эмес. «Мажму ат-таворихке» илимпоздор тарабынан кыязы фольклордук чыгарманын үлгүсү катары гана мамиле жасалгандай. «Мажму ат-таворихти» изилдөөдө кыргыз илимпоздорунун ичинен алгач филолог З.Ч.Мамытбеков «Манас» эпосун изилдөөдө «Мажму ат-таворихти» тарыхый булак катары

кароо менен эң туура жана алгылыктуу иш баштап, «Октябрь революциясына чейин «Манас» эпосун жыйноонун жана изилдөөнүн тарыхы» деген эмгегинин биринчи бөлүмүн «Мажму ат-таворихке» арнаган [6]. Заир Мамытбеков өз эмгегинде тажик окумуштуусу А.Т.Тагирджановдун «Собрание историй. Мажму ат-таворих» жана В.А.Ромодин Кыргыз ССР ИА Кол жазмалар фондуна өткөргөн «Извлечение из «Мажму ат-таворих» аттуу эмгектерди пайдаланып, «Манас» эпосу менен «Мажму ат-таворихте» чагылдырылган окуяларды салыштыруу боюнча иликтөөсүн, ойлорун чагылдырат.

«Мажму ат-таворих» мазмуну боюнча жарым-жартылай тарыхый окуяларды, болумуш, уламыштарды камтуу менен аларды бири-бирине байланыштырып, тарыхый окуялар менен элдик эпикалык чыгармачылыктын симбиозун түзгөн. Сүрөттөлгөн тарыхый окуялар орой анахронизмге жол берилүү менен чаташтырылып берилгендиктен андагы маалыматтарды бир ыргакка салууга, кайсынысы санжыра, кайсыл уламыш, ал эми айтылып жаткан тарыхый окуя качан болгонун так аныктоого таптакыр мүмкүн болбой калган. Ушунун өзү В.В.Бартольдго Сайф ад-диндин чыгармасы тууралуу «Книга заключает в себе главным образом истории шейхов города Касана (в Фергане); жизнң шейхов рассказывается в фантастическом освещении, с множеством анахронизмов, так что книга не имеет исторического значения» [7] деп өз оюн кесе билдирүүгө түрткү болгон. Кол жазма чыгарманын баш жагында айтылгандай ($1^{А}$-$1^{Б}$-беттер) «Мажму ат-таворих» Касандык, Ширкенттик шейхтерге арналып [8], анын бирден-бир негизги максаты Касандык, Ширкенттик шейхтердин аброюн, кадыр-баркын көтөрүп, XV жана XVI кк. мурдагы Чагатай улусуна кирген аймактарда (Моголистан, Мавереннахр), өзгөчө Мавереннахрда таанымалдуулугун арттыруу, атак-даңкын чыгаруу болгондугу мазмунунан көрүнүп турат. Автор бул өңүттө кыргыз элинин «Манас» эпосунун маңызын билгичтик менен чебер пайдаланган. Чыгарманын кыйла бөлүгүндө кыргыз элинин эпосу «Манастын» мазмунунан алынып, белгилүү максатта иштелип чыккан окуялар чагылдырылып, «Мажму ат-таворихте» берилген Манаска байланышкан окуялар азыркы кездеги «Манас» эпосунун варианттарына өтө үндөшүп тургандыктан автор «Манастын» негизги маңызы менен жакындан тааныш болгондугу сезилип турат. Тарыхый так маалыматтардын жок болгондугуна карабай А.Т.Тагирджанов адилеттүү белгилегендей [9] «Мажму ат-таворих» тажик тилинин тарыхы үчүн жана кыргыз элинин эпосу «Манастын» тарыхы үчүн чоң мааниге ээ. Жеке эле «Манас» эпосун иэилдөөнүн тарыхы үчүн эмес бул эмгектин кыргыз элинин этногенези үчүн, кыргыз элинин калыптануу процессине катышкашкан элдер, уруулар, этностук топтор жөнүндө бир катар баалуу салыштырма маалыматтарды алса болот. Так эмес болсо дагы чыгарма жазылган мезгилге чейинки тарыхый процесстин жүрүшүнөн боолголоп, анда камтылган кээ бир учурларды башка ишенимдүү тарыхый булактарга салыштырып кароого болот.

Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар Фондунда сакталып турган нуска боюнча «Мажму ат-таворих» төмөндөгүдөй шарттуу бөлүмдөрдөн (главалардан) турат (тизме О.Сооронов менен М.Досбол уулунун котормосу боюнча берилет):

1. *Баш сөз* $1^{А}$
2. *Андан кийин* $1^{А}$
3. *Биринчи жаралган нерсе* $1^{Б}$
4. *Икая* 2 – 5
5. *Азрети Саллоллоху Алейхи Вассаламдын аялдары тууралуу баян* 5

6. *Азрети Саллоллоху Алейхи Вассаламдын уулдары тууралуу баян 5*
7. *Азрети Саллоллоху Алейхи Вассаламдын кыздары тууралуу баян 5*
8. *Он эки имамдын баяны жана алардын гүмбөздөрү 6 – 10*[В]
9. *Бул бөлүмдө элетиялыктар баяндалат 10*[В] *– 17*
10. *Бул бөлүмдө 92 элетиялы тайпасынын жайланышы жөнүндө баяндалат 17 – 19*
11. *Бул бөлүмдө Кытайдын мусулман бөлүшү жана имам Жафар Садыктын Хатанга урушка барганы жөнүндө баяндалат 20-25*
12. *Бул бөлүмдө Кабалиддиндин Кумулга жөнөп кеткени баяндалат 25 – 26*
13. *Өзгөн Султаны Султан Санжарга гыздардын келиши 26 – 28*
14. *Бул бөлүмдө Көрхан (Гурхан)-кытайдын келиши жана Касанды басып алышы жөнүндө баяндалат 28 – 29*
15. *Тули хан Дадаханды Султан Махмуд Хорезм шахка элчи кылып жибергенинен баян 30 – 36*
16. *Бул бөлүмдө Сукай бахадурдун уулу Темирчин жөнүндө баяндалат 36 – 50*
17. *Эми сөздү Оң хан моголдон уккула 50 – 51*
18. *Эми сөздү Тулуй хандан уккула 51 – 52*
19. *Бул бөлүмдө Оң хандын Кырым өлкөсүнө, Булгар өлкөсүнө баргандыгы жөнүндө баяндалат 52 – 54*
20. *Оң хандын Кырымдан келиши жөнүндө баян 55*
21. *Бул бөлүмдө Чунча-калмак менен Төрө-калмак жөнүндө баяндалат 55 – 56*
22. *Бир сөздү Халокүдөн (*Балким Халокү Чынгыз хандын небереси Хулагунун өзгөрүп жазылышы болсо керек?*) уккула 57*
23. *Эми бир сөздү Аккусеин, Каракусеинден уккула 57*
24. *Эми бир сөздү уккула Табгат, Шахрисабиз, Самаркандан уккула 57 – 58*
25. *Эми сөздү Оң хандан уккула 58 – 59*
26. *Эми башка сөзгө көңүл бургула 59 – 62*
27. *Эми Жолойдон сөз уккула 62 – 63*
28. *Бул бөлүмдө Токтомуш хан Адил (Эдил) дарыясынан келгени жөнүндө баяндалат 63 – 64*
29. *Бир сөздү Темирдин уулу Полоттон уккула 64 – 66*
30. *Бир сөздү Каракусеинден уккула 66 – 67*
31. *Бир сөздү Манас менен Полоттон уккула 67 – 69*
32. *Бир сөздү Көкүмурзадан уккула 69 – 71*
33. *Бул бөлүмдө Жолойдун Каракожого келиши баяндалат 71*
34. *Бул бөлүмдө Жолойдун Манас баатырга элчи жибергени жөнүндө баяндалат 72 – 74*
35. *Бул бөлүмдө Токтомуш хандын Калзам дарыясына жасаган сапары баяндалат 74 – 75*
36. *Бир сөздү Жолойдон уккула 75 – 77*
37. *Бул бөлүмдө Токтомуш хан Жайык дарыясынан келиши баяндалат 77 – 79*
38. *Бул бөлүмдө Жолойдун Манаска уу бердиргени жөнүндө баяндалат 79 – 82*
39. *Бир сөздү Каракожодон уккула 82 – 83*
40. *Бул бапта Жолойдун Кочкорго келгени баяндалат 83 – 85*
41. *Бул бөлүмдө Манастын түш көргөнү жана Каракожо анын түшүн жоруганы айтылат 85 – 86*
42. *Бул бөлүмдө Манас менен Каракожонун женишке жетиши жана Жолойдун Манастан өлүшү баяндалат 86 – 90*

43. *Бул бөлүмдө Амир Девонанын Мавлона А''замдын кызматына келиши жөнүндө баяндалат 95 – 98*
44. *Бул бөлүмдө Акуул менен Карауулдун тукумдары жөнүндө баяндалат. Карауулдун тукумдары жөнүндө баян  94 – 95*
45. *Бул бөлүмдө Аңгатөрөнүн Мавлона А''зам Саид Мир Жалилдин кызматына келиши жөнүндө баяндалат  95 – 98*
46. *Бул бөлүмдө Маралдын бир тууганы Түнчү-калмак Аңгатөрөгө келгени баяндалат 98 – 100*
47. *Бул бөлүмдө Токтомуш хандын Жаста жана Черкес тарапка барышы жөнүндө баяндалат 100 – 103*
48. *Бул бөлүмдө Амир Темир Сахибкыраандын курултай өткөрүшү жана атарапка, ошондой эле Мугстан (Моголстан) тарапка лашкар (аскер) жибериши жөнүндө баяндалат 103 – 104*
49. *Бул бөлүмдө Амир Темир Сахибкыраан Мугстандагы (Моголстан) Аңгатөрө менен Хызыр Кожо Чыгатайдын (Чагатай) алдына баргандыгы жөнүндө баяндалат. Амир Сахибкыраан жөнүндө бир сөз  104 – 105*
50. *Бул бөлүмдө Мавлона А''зам Саид Мир Жалилдин Ширкентке келиши жөнүндө баяндалат 110 – 111*
51. *Бул бөлүмдө Аңгатөрө Ширкентке Мавлона А''замдына келиши жөнүндө баяндалат 111*
52. *Бул бөлүмдө Мавлона А''замдын элчиликке барганы жөнүндө баяндалат  111 – 113*
53. *Бул бөлүмдө Амир Темир Сахибкыраандын түш көрүшү жөнүндө баяндалат  114 – 115*
54. *Бул бөлүмдө Мавлона А''зам Саид Мир Жалилге (Амир Темирдин) тарыхтарды көрсөтүүсү жөнүндө баяндалат 115 – 117*
55. *Бул бөлүмдө «Мен пайгамбардын уругунанмын» деп жүргөндөрдүн Саид Мир Жалил Мавлона А''замга келип кол бериши жөнүндө баяндалат  117 – 119*
56. *Бул бапта Амир Темир Сахибкыраан Ханзаданы шайх Саид Бурханиддин Кылычтын кызматына жибергени баяндалат 119 – 120*
57. *Бул бапта Амир Темир Сахибкыраандын Ларистанга сапар кылышы жөнүндө баяндалат 120*
58. *Бул бөлүмдө Галша (Калча)-калмактын Өзгөнгө бастырып келиши жөнүндө баяндалат 120 – 123…*


«Мажму ат-таворих» эпикалык чыгарманын күчтүү таасири астында эски тажик тилинде эң жөнөкөй, жеткиликтүү ыкмада жатык тил менен жазылган. Чыгарманы шарттуу 2 бөлүктөн турат деп эсептесе болот. Ага негиз катары эмгектин эки автор тарабынан жазылышы эсептелет. Биринчи негизги бөлүгү: мулла Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Ахсикенди тарабынан жазылып, жогоруда айтылгандай «Манас» эпосунун версиясы кеңири колдонулган. Китептин биринчи бөлүгү жазылган мезгилин А.Т.Тагирджанов 909-920/1503-1514-жж. аралыгында, ал эми экинчи бөлүктүн жазылган мезгилин 1550-1565-жж. аралыгы деп болжолдойт [10]. Аягына чыкпай Сайф ад-дин каза болгондугуна байланыштуу китептин уландысын, башкача айтканда экинчи бөлүгүн анын уулу Нур Мухаммед жазып бүтүргөн. Бул бөлүк шейхтердин өмүр баяны мүнөзүндө, бирок, баяндоо, жазуу ыкмасы боюнча негизги бөлүктөн дээрлик эч айырмачылыгы жок.

**Адабияттар:**


1. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммед, Тарыхтардын жыйнагы (Мажму атут-таворих) /Которуп, басмага даярдагандар: М.Досболов, О.Сооронов. – Бишкек, 1996. – Б. 3.
2. Заседание 11 марта 1899 года. //Записки Восточного отделения (Императорского) Русского археологического общества. – СПб., 1900. – С. IV-VI.
3. «Собрание историй» Маджму ат-таварих /Фотографическая репродукция отрывков рукописного текста, введение, указатели. /Подготовил к изданию А.Т.Тагирджанов. – Л., Издательство Ленинградского Университета, 1960.
4. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммед, Тарыхтардын жыйнагы (Мажму атут-таворих) /Которуп, басмага даярдагандар: М.Досболов, О.Сооронов. – Бишкек, 1996. – Б. 5.
5. Материалы по истории киргизов и Киргизии. /Отв. ред. В.А.Ромодин/. – Москва, 1973. – С. 200-214.
6. З.Ч.Мамытбеков, «Октябрь революциясына чейин «Манас» эпосун жыйноонун жана изилдөөнүн тарыхы». //З.Мамытбеков, Э.Абдылдаев, «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. – Фрунзе, 1966. – Б. 7-25.
7. Заседание 11 март 1899 года, //ЗВОРАО, т. XII. – С. VI.
8. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммед, Тарыхтардын жыйнагы (Мажму атут-таворих) /Которуп, басмага даярдагандар: М.Досболов, О.Сооронов. – Бишкек, 1996. – Б. 14-15 (Кол жазманын бети 1А)
9. «Собрание историй» Маджму ат-таварих /Фотографическая репродукция отрывков рукописного текста, введение, указатели. /Подготовил к изданию А.Т.Тагирджанов. – Л., Издательство Ленинградского Университета, 1960. – С. 4, 12-53.
10. А.Т.Тагирджанов, Описания таджикских и персидских рукописей Восточного отдела Библиотеки ЛГУ, т. 1. История, биография, география. – Л., Изд-во Ленинградского Университета, 1962. – С. 154-155.


**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Алымбаев Ж.Б.**